Бектимин:
Ж. Бөкөнбаев атындагы гимназия-жатак
жалпы билим берүүчү орто мектебинин
директору: Т. Оморов

# Ж. Бөкөнбаев атындагы гимназия-жатак жалпы билим берүүчү орто мектебинин жатаканада жаткан окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө ЖОБО

1. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 токтомдун негизинде 2008-жылдын 1-январынан тартып социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын эсептик акчалай нормалары белгиленген.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетин аткаруу процессинде каражат болгон учурда чекене баалардын өзгөрүшүн эске алуу менен тамак-ашка сарптоолордун акчалай нормаларын индексациялоого укук берилген.

3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2008-жылга республикалык бюджетте тамак-аштын акчалай нормаларынын өзгөрүшүнө байланыштуу кошумча сарптоолорду караган.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 токтомунда жалпы типтеги жалпы билим берүүчү мектеп-интернаттарда тамак -ашты уюштуруу бир күнгө 60 сомдон белгиленген.

5. Жободо белгиленген окуучулардын тамактануусун уюштуруу, тамак аш коопсуздугун жана сапаттын камсыз кылыуу тартиби аныкталат.
6. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги токтомдун биринчи пункутун ишке ашырууга байланышкан чыгымдарды министирликтин тишелүү жылга каралган бюжеттинен түзүлөт.
7. Окуучуларды тамак-аш заттарына жана энергияга болгон куректык физиологиялык керектөөлоргө, рационалдуу жана балансталган тамактануунун принциптерге шайкеш келген тамактануу менен камсыз кылуу.
8. Окуучулардын арасында тамактанууфактору менен байланышкан жугушту жана жугуштуу эмес оруулардын алдын алуу.
9. Толук кандуу жана туура тамактануунун принциптерин жайылтуу.
10. Тамак бышыруу үчүн колдонуучу тамактын жана азык-түлүктүн кепилденген сапаты жана коопсуздугун уюштуруу.
11. Мектептеги тамак-аш блокторун санитардык-эпидемиологиялык эрежелерине жана чечимдерине ылайык модеринизациялоо.
12.Тамактанууну уюштурууга бөлүнүүчү бюджеттик каражаттарды колдонуудагы мыйзамдардын талаптарына ылайык пайдалануу.
13. Окуучуларды тамактандырууда аларды тиешелүү квалификациясы бар белгиленген тартипте алдын ала жана мезгил-мезгили менен медициналык кароодон өткөн жана жеке медициналык китепчеси бар кызматкерлер тейлейт.
14.Ашкана өндүрүштүк ишти алты күндүк окуу жумалыгынын режимди жүзүгө ашырат.
15. Окуучуларга тамак-аш берүү атайын графиктин негизинде уюштурулат.
16. окуучуларды ашканага тарбиячылар коштоп барат, алар ашканага барып келүү режимин, коомдук тартипти сактоону камсыз кылышат, ашкана кызматкерлерине тамактануу учурунда көмөктөшөт жана тамактанунун алдына окуучулардын жеке гигиенасын контролдойт.

17. Даярдалуучу тамактардын азыктык баалуулугуу, ошондой эле тамактардын ресептери жөнүндө сандык маалыматарды камтыган чечмеленген меню санитардык-эпидемилогиялык эрежелеринде жана чечимдеринде белгиленген.
18. окуучулардын тамактануусун уюштуруугу өндүрүштүк контролдо шайланган комиссия жүзөгө ашырат,
-Тамак-аштын сапатына
-Тамак-аш блокторунун санитардык абалына;
-Окуучулардын тамактануусун уюштурууга:
-Ашкананын иш графигинин сакталышына;

**Тамактанууну уюштуруу жана тамак аш азыктарынын сапатын камсыз кылуу маселелери боюнча төмөнкү документтердин болуусу.**

1. Тамактанууну уюштуруу боюнча жооптуу адамды дайындоо буйругу.
2. Брокераждык комиссия буйругу.
3. тамак-ашты уюштуруунун сапатын өндүрүштүк контролдонун план-графиги.
4. Даяр тамак-аш азыктарынын кириштөөчү документтери.
5. Жетекчи тарабынан бекитилген окуучулардын тизмеси.
6. Окуучулардын сабактарга катышуусун эсепке алуу журналы.
7. Окуучулардын сабактарга катышуусун эсепке алуу журналы.
8. Тарбиячылар тарабынан түзүлүп берилген тамактанууга табыштамалар.
9. Ашпозчулардын профилактикалык медициналык кароодон өткөндүгү тууралуу белги коюлган жеке медциналык китепчеси.
10. Пикирлерди, сунуштарды жазуу китеби.
11. Тамактануу менюсу .
12. Тамактанууну уюуштурууга жооптуу адам бекитилет жана ал төмөнкүлөргө жооп берет:

- Келген тамак-аш азыктарынын ассортиментин текшерет;
- Тарбиячылар менен биргеликте сабакка келбеген окуучуларды каттоого алат.
- Окуучуларга тамак-аш берүүгө графигин контролдойт.
- Санитардык-гигиеналык режимдин сакталышын камсыз кылуу боюнча башка чараларды көрөт.